«БЕКИТЕМИН»
К. Тыныстанов атындагы
ЫМУнун ректору п.и.к. профессор:
Иманбаев Аскар Асангазиевич
_______________________
«___» _____________ 2024

# ИЛИМ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЙЫЛТЫШЫ ТУУРАЛУУ АКТ

1. **Ишке ашыруунун автору**: Амираева Лайликан Авазовна

2. **Илимий иштин аталышы**: “Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары”

3. **Аннотация.** Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” – темасына арналган. Бул изилдөө студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүдө жасалга-колдонмо искусство предметтеринин ролун жана маанисин изилдейт. Замандын агымы менен дүйнөлүк прогресс санариптештирүүгө умтулган учурда кыргыз элинин тарыхый улуу жолун басып өткөн жасалга-колдонмо өнөрүн сактап, таанытып, үйрөтүп келечек муундарга билим жана тарбия берүү учурдун талабы. Кыргыз элинин, көөнөрбөс улуттук мурастарын жаштарга билим берүүдө пайдаланып, аны өздөштүрүп, чыгармачылык менен өркүндөтүп кийинки муунга жеткире ала турган, ар тараптан өнүккөн билимдүү инсанды тарбиялоо – бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири. Ошондуктан азыркы учурда өз ишин терең билген, билими менен ишмердигин ар тараптан айкалыштырып колдоно алган кесипкөй адистерди даярдоо, жогорку окуу жайларынын алдына коюлган негизги максат жана милдет болуп саналат.

Бул илимий изилдөө ишинде жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары, методдору жана көркөм каражаттары, окутуу процессинин натыйжалуулугун камсыз кылуучу окутуунун теориялык жана практикалык аспектилери изилденет.

**4. Ишке ашыруу орду жана убактысы:** К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун Педагогика факультетинин Көркөм сүрөт искусствосу кафедрасынын студенттери менен жүргүзүлдү. Сурамжылоого I - IV курстардан 112 студенти катышты.

**Максаты:** жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан моделдин оптималдуулугун текшерүү; жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүнүн заманбап жолдорун, ыкмаларын каражаттарын иштеп чыгуу; иштелип чыккан жыйынтыктарды илимий жактан негиздөө; калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы менен алынган деңгээлдерди аныктоо жана аларды илимий жактан мүнөздөө.

**Формасы:** тема боюнча эксперименттин натыйжалуулугун баалоо жана студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө тийгизген таасирин аныктоо үчүн сабактардын программасынын негизги мазмуну студенттердин практикалык иш-аракетине багытталып, төмөнкү формаларда өткөрүлдү:

1. *Теориялык билимдерди калыптандыруу*: жасалга-колдонмо искусствосунун турмуштагы маани-маңызын, келип чыгуу тарыхы. Байыркы замандан бери жасалга-колдонмо өнөрүнүн өнүгүүсү, кыргыз элинин кол өнөрүндөгү символдук мааниси жана семантикалык өзгөчөлүктөрү. Жасалга-колдонмо искусство предметтериндагы

композициянын, буюмдарды көркөмдөп жасалгалоодогу эстетикалык ролу. Неолит (жез, таш доору) доорундагы усундар, сактардын, хунулардын өнөрү, көркөм маданиятындагы көркөм эстетикалык көрүнүштөрдүн өзгөчөлүктөрү. Түрк каганатынын маданияты жана өнөрү, кыпчак элинин, монгол каганатынын маданияты жана өнөрү. Кыргызстандагы археологиялык эстеликтер.

2. Музейлерге экскурсия уюштуруу. Кол өнөрчүлөр менен жолугушуу, алардын кол өнөрчүлүгү менен жакындан тааныштыруу.

3. *Практикалык сабактар*:

– *кийизден* буюмдарды жасоо. Кийиз басуу (фильцевания техникасында) жана ага оймо түшүрүү – *6 саат.*

– *чайма.* Килем саймасы (түктүү сайма). Композициялык панону саюу – *8 саат.* Килем сайма саюу, түктүү сайманы көркөмдөө. Кыргыз элинин саймачылык, токуучулук, өрмөкчүлүк өнөрү. Саймачылык. Саймачылык техникасы: затына, көлөмүнө карай саюу, үлгүлөрдү (эскиздерди) тандай билүү, саюу техникасын үйрөтүү.

– *чий чырмакчылык – 6 саат.* Чий чырмоо ыкмасы, оюм-чийим элементери, көркөм көчөттөрдү чийге түшүрүү, чийден жасалган боз үйгө колдонулуучу – канат чий, эшик чий жана чыгдан чий ж.б. жөнүндө түшүнүк берүү. Аларды жасоо технологиясындагы өзгөчөлүктөр.

– жасалга-колдонмо өнөрү аркылуу белек-бечкектерди жана үйгө керектелүүчү буюмдарды жасоо (студенттин тандоосу) – *6 саат.*

– шарф, сумка, уюлдук телефон кап ж.б. керектелүүчү буюмдарды жасоо чеберчилиги – *6 саат.*

– курак жана куракчылык – *6 саат.* Курактын пайда болушу. Анда пайдалана турган геометриялык фигуралардын мааниси, алардын аталышы. Трапеция. Ромб. Курактын кайталанган бөлүктөрү. Куракtan

үй-тиричилигине керектүү бир канча түрлөрү бар экенин айтып берүү (туш, кийиз, жаздык, жер төшөк, аяк кап, куржун, ар кандай жапкычтар ж.б.).

– «батик» техникасында жибек кездемеге композиция түзүү – *4 саат.* Студенттерге жасалга-колдонмо кол өнөрүндөгү заманбап техниканын жардамы менен композиция түзүүнү үйрөтүү. Түстөрдү натыйжалуу пайдалануу, иштөө усул-ыкма жолдору, каражаттары менен тааныштыруу.

– жаратылыштан алынган табигый материалдарды колдонуп композициялык коллаж жасоо – *6 саат.* Табигый материалдардын сапатына, айырмасына, өзгөчөлүгүнө, иштөө техникасына карап бөлүү.

– улуттук өнөр – жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгүнө саякат (тематикалык кече) – *4 саат.*

**Натыйжасы:** Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттеринин чыгармачылык активдүүлүктөрү өнүгүп, көркөм эстетикалык көз карашы, табити, ага болгон чыгармачылык кызыгуусу калыптанды. Экспериментте колдонулган жаңы технологиялар студенттерге өз кесибин терең өздөштүрүп, жасаган иштерине чыгармачылык менен мамиле кылып, жаңы иш-тажрыйбаларды, ыкмаларды кеңири пайдаланууга, студенттин иштеринин белгилүү деңгээлдеги көркөм эстетикалык табитине жооп бере алгандай аткарылуусуна таасир этери байкалып, теориялык билимдери да тереңдеди.

**Жыйынтыктоо.** Эксперименттик тажрыйбанын натыйжасында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн максаты – жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүгү боюнча билим алган, чыгармачылык активдүүлүгү өнүккөн, маданий баалуулуктарды баалай билген,

чеберчилиги, кызыгуусу, сулуулукту, кооздукту, жарата алган, табити жогору, ар кандай ишке чыгармачылык менен мамиле кылган инсанды тарбиялоо болуп эсептелет деген жыйынтыкка келдик.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун
Көркөм сүрөт жана дизайн
кафедрасынын башчысы, доцент : Орозобаев А.К.

Кафедранын методикалык
кеңешинин башчысы, п.и.к., доцент Пак С.Н

Жасалга-колдонмо искусство
предметинен предметтик окутуучу,
ага окутуучу : Курманалиева С.Р

Изденүүчү: Амираева Л.А.

Акт түзүлгөн датасы: 25-март, 2024-ж.

КАДРЛАР БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ КАДРОВ
И. Арабаев атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ